USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ МЕСТНОГО УПРАВЛЕНИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ
LOCAL GOVERNANCE ACADEMY OF CENTRAL ASIA




# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН АЯЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН КЛУБУ[1]

## Колдоо программасынын концепциясы



Салия АКУЛОВА
USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" Долбоорунун алкагында
атайын БАЖБА үчүн

[1] Жумушчу аталышы.

Бул материал АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин берешен колдоосу менен USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында даярдалды. Материалдын мазмуну үчүн Өнүктүрүү саясат институту жана Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясы жооп берет жана ал сөзсүз түрдө USAIDдин же АКШ өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

ӨНУКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ МЕСТНОГО УПРАВЛЕНИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ
LOCAL GOVERNANCE ACADEMY OF CENTRAL ASIA

## Мазмуну


***Клубду түзүү идеясына эмне себепчи болду?*......3**

***Клубдун аныктамасы, максаттары жана милдеттери*......4**

***Клубдун уюштуруучусу*......4**

***Клубдун максаттуу аудиториясы*......4**

***Клубдун кызыкдар жактары*......5**

***Клубдун принциптери*......9**

***Клубдун уникалдуу өзгөчөлүгү*......11**

***Клубдун мүчөлүгү*......11**

***Клубдун иштөө формалары*......11**

Практикалык семинар......11
Чай суйлөшуу......12
Атаандаштык ыкмасы......12
#ЧоңОй......12
Шерине (бал/кече/кечки тамак)......12

***Клубдун катышуучулары менен коммуникациялар*......13**

***Тиркемелер.*......14**

Клубдун документтерин жана иш-чаралардын программаларын түзүү......14
Онлайн иш-чаранын болжолдуу сценарийи......14
Офлайн иш-чаралардын болжолдуу сценарийи......16
Клубдун 2022-жылга Иш-чаралар планы......17
*1-багыт. Бюджет жана инклюзивдүү пландаштыруу жана башкаруу боюнча билимди кошо алганда, депутаттардын (эркектер менен аялдардын) кесиптик билиминин деңгээлин жогорулатуу.*......17
*2-багыт. Окутуунун инновациялык ыкмаларын кошо алганда, аял депутаттардын жеке көндүмдөрүн (soft skills) өнүктүрүү*......17
*3-багыт. Натыйжалуу өнөктөштүктү жана коалицияларды куруу көндүмдөрүн өнүктүрүү*......17

## Клубду түзүү идеясына эмне себепчи болду?

2019-жылдын август айында аялдардын жергиликтүү кеңештердеги өкүлчүлүгүнүн 30% жөнүндө мыйзам кабыл алынган. Бирок, квота аялдардын саясий укуктары ошол замат кеңейип кетет дегенди камсыз кылбайт. 2021-жылдагы шайлоого жүргүзүлгөн байкоо көрсөткөндөй, шайлоодо жеңишке жеткен аялдардын болжол менен үчтөн бири жамаатта кадыр-баркка ээ болушкан, алар жетекчилик кызматтарда, өкмөттүк эмес уюмдарда иштешкен жана буга чейин эле депутат болушкан. Бул аялдар квотанын эпкини менен депутат болушкан эмес, алар жамааттагы кадыр-баркы менен талапкерлердин рейтингинде алдыңкы орундарды ээлешкен. Үчтөн экиси – “квотаны толтуруу үчүн” жергиликтүү элита сүрөп чыгарган, “үн катпаган” аял депутаттар, алар депутаттын ролуна дайыма эле толук даяр болбойт, өз позициясын коргоого билими, ал эми кээде саясий дымагы да жетпей калууда. Аял депутаттардын дагы үчтөн бири кеңешке квотаны өз алдынча колдонуп, натыйжалуу жана жигердүү үгүт иштин натыйжасында келишкен, бирок аларга да кээде саясий иште тажрыйба, билим, көндүмдөр жетпей калып жатат. Бул үч категория тең элеттик жамааттарда үстөмдүк кылган жыныстык ролдордун азыркы моделдери менен шартталган саясий процесстерге катышуусунун өзгөчө көйгөйлөрүн көрсөтүп турат. Ошол эле учурда аял депутаттардын көйгөйлөрү өзүнчө айырмалуу саясий көйгөйлөр болуп саналбайт, алар айылдык жергиликтүү жамааттардын жалпы жыныстык-ролдук контекстин чагылдырып турат.

Жалпысынан аялдардын абалы билим берүүнүн сапатынын төмөндүгүнүн, жакырчылыктын, исламдын радикалдуу агымдарынын улам күчөп жаткан таасиринин, баалуулуктар өзгөргөндүн, жергиликтүү жана улуттук саясатта социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана инклюзия көп жакшы өнүкпөгөнүнүн натыйжасында начарлайт. Аялдар чечимдерди кабыл алуу процесстерине көп жакшы тартылбайт, жетекчиликте дээрлик жок, кызмат көрсөтүүлөргө, ресурстарга, окутуунун жаңы технологияларына жана маалыматка жетүүдө чектөөлөрдү сезишет. Аялдарда эркектердей эле билими жана квалификациясы бар болсо да, эмгек акысы салыштырмалуу аз болот, акы төлөнбөгөн иштерди көбүрөөк жасашат. Мунун баары аялдардын өзүнүн саясий, социалдык жана экономикалык укуктарын ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизет.

Дагы бир маанилүү фактор –калыптанып калган көз караш боюнча эркектерден өтө көп нерсени күтүп, барган сайын аларга көбүрөөк социалдык жана экономикалык жүктү оодаруу, бул болсо аларда өзүнө ишенбестикти, өз көйгөйлөрү жөнүндө ачык сүйлөшүүдөн коркуу сезимин, эркектер менен коммуникацияда кыйынчылыктарды жаратат. Ошону менен бирге, эркектер коалицияларды, чакан топторду оңой эле түзө алышат, буга жүрүм-турумдун калыптанып калган социалдык нормалары көмөктөшүүдө, ошондой эле алардын убакытты чогуу өткөргөнү, коомдук мейкиндиктердин болушу бул иштерге өбөлгө түзүп жатат.

Белгилүү болгондой, реалдуу саясат жергиликтүү кеңештин жыйналыштар залында гана эмес, ошону менен катар чакан топтордун жана депутаттардын бейформалдуу түрдө байланышынын деңгээлинде да калыптанат. Бул жагынан алганда, биргелешкен чечимдерди даярдап, коалицияларды түзүү үчүн эркектерде убакыт жана мейкиндик көбүрөөк болот. Ал эми үй-бүлөсү, акы төлөнбөгөн эмгек, жумуш менен алектенген аялдар коомдук мейкиндиктин жана бош убакытты өткөрүп, саясий ишти жүргүзүү үчүн жерлердин жетишсиздигин сезишет. Мындай аялдар жергиликтүү кеңешке келгенде адатта демилгелерин жана чечимдерин колдоп берген санаалаштарды таба албай кыйналышат.

Жогоруда саналган жагдайлар аял-депутаттарга кесипкөй билим алуу, саясий ишти жүргүзүү жана инсан катары калыптануу көндүмдөрүн өнүктүрүү, пикирлеш адамдарды издөө, коалицияларды түзүү жана пикир алмашуу үчүн мейкиндик керек деген тыянакка жетелейт. ***Жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын клубу ушундай виртуалдык жана физикалык мейкиндик болуп бериши керек.***

## Клубдун аныктамасы, максаттары жана милдеттери

Жергиликтүү кеңештин аял депутаттарынын клубу – бул кесипкөй билим алуу, саясий ишти жүргүзүү жана инсан катары калыптануу көндүмдөрүн өнүктүрүү, пикирлеш адамдарды издөө, коалицияларды түзүү жана пикир алмашуу максатын көздөгөн виртуалдык жана реалдуу мейкиндик[2].

**Клубдун максаты** – аял депутаттар, депутаттыкка талапкер аялдар, жергиликтүү жамааттардын активисттери өздөрүнүн саясий укуктарын колдоно алышы үчүн алардын мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү. Бул иштер аялдардын кесипкөй компетенцияларын, жеке көндүмдөрүн өнүктүрүү жана Кыргыз Республикасынын айылдык жергиликтүү жамааттарында жагымдуу жана тең салмактуу жыныстык-ролдук контекстти[3] түзүүгө көмөктөшүү жолу менен жасалат.


**Клубдун милдеттери** жыл сайын багыттар түрүндө аныкталып турат.

Орто мөөнөттүү мезгилде Клуб аял депутаттарга, ошондой эле депутаттыкка талапкер аялдарга жамааттарында өз беделин көтөрүүгө, колдоо топторун түзүүгө, жеке депутаттык пландарды, долбоорлорду жана демилгелерди ишке ашырууга, жергиликтүү кеңештерге шайланууга жардам берет (жергиликтүү кеңештерге депутат болууну пландап жаткан Клубдун катышуучулары үчүн).

## Клубдун уюштуруучусу

Клубдун уюштуруучусу БАЖБА – Борбордук Азиянын Жергиликтүү башкаруу академиясы[4]. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын потенциалын жогорулатуу БАЖБАнын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

## Клубдун максаттуу аудиториясы




[2] Бул аныктама “клуб” деген сөздүн жалпы тарабынан кабыл алынган түшүнүгүнө шайкеш келет, ага ылайык, клуб (англис тилинен clob же club, немис тилинен club) — кызыкчылыктары бирдей болгон адамдар жолугушчу жер, мында негизги сөздөр – “жер” жана “бирдей кызыкчылыктар”.

[3] Изилдөөлөр көрсөткөндөй, айылдык жамааттарда “гендер” жана “гендердик теңчилик” деген сөздөрдөн убактылуу баш тартуу керек, алар терс мааниге ээ болуп, эркектер да, аялдар да четке кагышууда.

[4] Борбордук Азиянын Жергиликтүү башкаруу академиясы Кыргызстандын жана Борбор Азия өлкөлөрүнүн жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун керектөөлөрүнө жооп катары түзүлгөн. Академия муниципалдык кызматчылар жана жергиликтүү жамааттар үчүн жеткиликтүү маалыматтык-аналитикалык ресурстарды камсыз кылат, бул ресурстар башкаруу органдарын жана жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө багытталат. Окутууну уюштуруу, башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттарга аналитикалык, эксперттик жана маалыматтык ресурстарды берүү аркылуу Борбордук Азияда жергиликтүү башкарууну өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү БАЖБАнын вазыйпасы болуп саналат.

Клуб биринчи кезекте аялдардын муктаждыктарына жооп катары түзүлгөнүнө карабастан, клубдун максаттуу аудиториясы болуп эркектер да саналат. Алар: жергиликтүү кеңештердин депутаттары, муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын жетекчилери. Булардын баары жамааттарды гармониялуу жана туруктуу өнүктүрүүгө кызыкдар болуп, клубдун баалуулуктарын жана принциптерин тең бөлүшөт, үй-бүлөгө жана коомго тиешелүү, аялдарды тынчсыздандырган көйгөйлөр жөнүндө конструктивдүү диалог жүргүзүүгө даяр адамдар.

## Клубдун кызыкдар жактары

Ишин баштап жатып, Клуб коммерциялык жана коммерциялык эмес, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес, ата мекендик, эл аралык жана чет өлкөлүк, клубдун иштөө принциптерине макул болгон жана аларды сактоого милдеттенген бардык уюмдарды кызматташууга чакырат.

Учурда Клубду колдогондор:

- Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруулар союзу, анын максаты – жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө көмөктөшүү, борбордук жана жергиликтүү деңгээлдерде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызыкчылыктарын көздөп, коргоо, ошондой эле Союздун мүчөлөрүн натыйжалуу жана жашоого жөндөмдүү аймактык түзүмдөр катары өнүктүрүүгө көмөктөшүү.

- “Өнүктүрүү саясат институту” Коомдук бирикмеси (ӨСИ) – бул мыйзам жаратуунун түрдүү чөйрөлөрүндө, мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну реформалоо жаатында, жергиликтүү өз алдынча башкарууну (ЖӨБ), жамааттарды жана массалык коммуникацияларды өнүктүрүүдө көп жылдык таанылган иш тажрыйбасы бар эксперттерди бириктирген кыргызстандык коммерциялык эмес бейөкмөт уюм. ӨСИнин вазыйпасы – жергиликтүү жамааттарга жана башкаруу органдарына адамдын татыктуу жашоого болгон укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга көмөк көрсөтүү.

Клубдун кызыкдар тараптарынын картасы[5]:

| Мамлекеттик жана муниципалдык деңгээлдерде: | Кызыкчылык | Кызматташуунун түрлөрү |
|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын министирлер кабинетине караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги** | Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде гендердик саясатты сактоо. | Гендерлик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планын, “Кыргыз Жараны” Концепциясын ишке ашыруу, УЗАК институтун натыйжалуу ишке киргизүү боюнча биргелешкен чаралар. |

[5] 2022-жылдын 18-июлунда мамлекеттик сектордун, эл аралык уюмдардын, жарандык коом уюмдарынын, жеке сектордун өкүлдөрүнүн жана жергиликтүү кеңештердин аял депутаттарынын катышуусу менен Концепциянын долбоорун кеңири талкуулоонун жыйынтыгы боюнча иштелип чыккан.

| | | |
|---|---|---|
| **Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги** | УИПти ишке ашыруу, ҮЗАК институтун киргизүү жана жалпы эле Кыргыз Республикасында гендердик саясатты ишке ашыруу үчүн жоопкерчилик. Социалдык саясатты иштеп чыгуу (аялуу топторду, аялдарды, балдарды, улгайган адамдарды, майыптыгы бар адамдарды колдоо). | Жергиликтүү деңгээлде гендердик саясатты илгерилетүү боюнча мамлекеттик-социалдык заказдарды ишке ашыруу. ҮЗАКтын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча кызматташтык. |
| **Борбордук шайлоо комиссиясы** | Жергиликтүү кеңештерде аялдар үчүн 30 пайыздык квотаны жана аял-шайлоочулардын кеңири катышуусун камсыз кылуу. | Биргелешкен маалыматтык жана билим берүү өнөктүктөрү. “Жарандык билим берүү борборлору” биргелешкен платформалары. |
| **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары** | Кыргыз Республикасында аялдардын кызыкчылыктары сакталышын камсыз кылуу.<br>Гендердик саясатты ишке ашыруу (СЭӨПтө жана жергиликтүү бюджетте гендердик маселелерди эсепке алуу).<br>Үй-бүлөлүк зомбулукка каршы саясатты ишке ашыруу. | Биргелешкен маалыматтык жана билим берүү өнөктүктөрү.<br>Жергиликтүү деңгээлде Гендерлик теңчиликке жетишүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планын ишке ашыруу, ҮЗАКты илгерилетүү. |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** | Гендердик саясат жаатында ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда жарандардын кызыкчылыктарын эсепке алуу. | Насаатчылык, адвокация. |

**Жарандык коом уюмдары**

**Аялдардын Демократиялык тармагы**

**КЫЗЫКЧЫЛЫК:**

Окутуу аркылуу потенциалды жогорулатуу - ж ергиликтүү жамааттын саясий турмушуна аялдардын жигердүү катышуусу.

**КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ТҮРЛӨРҮ:**

семинарлар, тренингдер, диалог аянтчалары, социалдык долбоорлорду ишке ашыруу, анын ичинде жергиликтүү бюджеттен каражаттар; колдоо программалары - шерине аркылуу акча чогултуп, аялдарга жардам беришет.

**Aha.kg**

**КЫЗЫКЧЫЛЫК:**

Жеке өнүгүүгө шарт түзгөн программалар - аялдарда өзүнө болгон ишенимди жогорулатуу - жүрүм-турумду өзгөртүү.

**КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ТҮРЛӨРҮ:**

Окутуу, маалыматтык аянтча, коомдук-жеке өнөктөштүк (public-privat partnership)

**Эл аралык уюмдар**

**КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР:**

аялдарды мобилизациялоо; аял депутаттар менен байланышуу; аялдар ишкерчилигин өнүктүрүү; чек арага жакын жамааттарда тынчтык куруу; ҮЗАКты уюштуруу/күчөтүү; кризистик борборлордун иши.

**КЫЗМАТТАШТЫКТЫН ТҮРЛӨРҮ:**

изилдөөлөр; сереп; программалардын ортосунда байланыш түзүү; диалог платформалары; Жогорку Кеңеште платформа/байланыш түзүү; ГАЛСты/аялдардын демилгелүү топторун илгерилетүү; аял шайлоочулардын активдүүлүгүнө дем берүү; жергиликтүү кеңештерге талапкер аялдардын дараметин жогорулатуу/колдоо көрсөтүү, диний топтор менен байланыш түзүү/иш алып баруу

- UN women/БУУ-Аялдар
- БУУ: БУУӨП, БУУ Дүйнөлүк азык-түлүк программасы, ФАО
- USAIDдин "Ийгиликтүү аймак-2", "Жигердүү Жарандар" долбоорлору
- ACTED
- International Alert
- GIZ
- WB/EBRD/ARIS/ADB
- "MSDSPKG" КФ
- Элчиликтер (Улуу Британия, АКШ, ЕБ, Швейцария, Жапония/JICA)
- Уюмдардын жана активисттердин эл аралык тармактары: UNITE
- "Сорос-Кыргызстан" Фонду




Жергиликтүү деңгээлде ар кандай топтор менен иштөөдө Клуб сөзсүз түрдө эки тараптуу кызыкчылыкты эске алат. Клуб үчүн мындай формалдуу жана бейформал топтор менен кызматташуу – бул кызыкчылыктар боюнча жамааттар аркылуу Клубдун демилгелерин жайылтуу, Клубдун катышуучулары үчүн жамааттын турмушун терең билүү, жергиликтүү кеңеште бул топтордун кызыкчылыктарын жакшыраак көздөө үчүн жамааттагы ар кандай топтордун муктаждыктары менен керектөөлөрүн аныктоо мүмкүнчүлүгү.

Жергиликтүү деңгээлде аксакалдар соттору жана кеңештери; диний жамааттар, уруулар жамааттары, шерине өңдүү мындай формалдуу жана бейформал топтор менен кызматташтык этияттык менен түзүлүшү керек, себеби бул топтордун Аял депутаттардын клубуна тийгизген таасири оң да, терс да болушу ыктымал. Мисалы, аксакалдар кеңештеринде (курамынын 100% эркектер) Аял депутаттардын клубун түзүү идеясынын өзү эле терс мамилени пайда кылышы мүмкүн. Алар менен иштөөдө булардын ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарыл. Ар кандай уруулардын өкүлдөрү катышкан/катышпаган шеринелер коомдо адилетсиздикти жаратышы мүмкүн. Диний тема учурдагы маанисинен алып караганда, айрыкча айылдык жамааттарда аяр мамилени талап кылган маселе. Клуб мындай топтор менен иштешүүдө "Зыян келтирбе" деген негизги принципти кармануууга тийиш.

Гендердик теңчиликти натыйжалуу жайылтып, аялдарга карата зомбулукту жоюу үчүн Клуб эркектерди өз ишине жигердүү түрдө тартууга ниеттенип жатат.

Мисалы,

- Клубдун катышуучулары өздөрүнүн жергиликтүү кеңештеринде эркек депутаттардын керектөөлөрүнө баа беришет, бул баалоонун жыйынтыгы боюнча эркек депутаттар жергиликтүү кеңештин депутаттарынын потенциалын жогорулатууга багытталган окутуу программасына тартылышат. Бул жалпысынан жергиликтүү кеңештин даражетин жогорулатууга жана бир жергиликтүү кеңештин чегинде аял депутаттар менен эркек депутаттардын ортосунда жакшы байланыштарды жана конструктивдүү кызматташтыкты жолго салууга мүмкүндүк берет.

- Клубдун катышуучулары клубдун ишине гендердик теңчиликтин баалуулуктарын сыйлаган, муну жүрүм-туруму менен да тастыктаган эркектерди (эркек балдарды, жаштарды, улгайган адамдарды) – позитивдүү девианттарды[6] тартышат. Бул аспап жамааттагы адамдардын кеңири чөйрөсүнө (эркектерге да, аялдарга да) мүмкүн болушунча көбүрөөк жетүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатат, гендердик теңчиликке, чектөөчү социалдык эрежелерге жана аялдарга карата зомбулукка байланыштуу жамааттын мүчөлөрүнүн мамилесин жана жүрүм-турумун өзгөртүү дараметин күчөтөт.

Клубдун бардык кызыкдар тараптары үзгүлтүксүз маалыматка ээ болуп, Клубдун иш процессине тартылышат. Өзгөчө, жергиликтүү деңгээлде формалдуу жана бейформал топтордун өкүлдөрү "иш маалында окутуу" принциби боюнча Клубдун каттышуучуларынын "практикалык тапшырмаларын" аткаруу аркылуу тартылышат.

Клубдун өнөктөштөрү мезгил-мезгили менен уюштурулган жолугушууларга чакырылып, ийгиликтерди, көйгөйлөрдү жана пайда болгон мүмкүнчүлүктөрдү талкуулап, ошондой эле Клубдун мындан аркы ишин аныктоо/кайра карап чыгуу үчүн орто мөөнөттүү серепке катышат. БАЖБА Клубдун максатына жетишүүдө пайда алып келчү жана өз салымын кошо ала турган өнөктөштөр менен өз ара түшүнүшүүгө жана кызматташууга көмөк көрсөтүп, ошондой эле Клубдун ишинин масштабын жана мультипликациясын кеңейтүүнү камсыз кылуу үчүн бардык күч-аракетин жумшайт.

## Клубдун принциптери

**Клуб** төмөнкүдөй жөнөкөй критерийлерге жана принциптерге шайкеш келген ар кандай идеяны жана аракетти кубаттаган ачык аянтча.




[6] Позитивдүү девиация түшүнүгү салыштырмалуу жакында эле пайда болду. Заманбап социологдор бул кубулушка көбүнчө Э.Дюркгейм, Р. Мертон, Э. Сазерленд жана башка илимпоздордун корутундуларынын негизинде түшүндүрмө беришет. Позитивдүү девиация – бул нормадан четтеген кубулуш жана позитивдүү, жаратман мүнөздөгү инсандын иш-аракети. Бардык жамааттарда бирдей мүмкүнчүлүктөргө жана ресурстарга ээ болсо да, адаттан тыш ой жүгүртүп, курбуларына караганда көйгөйлөрдү чечүүнүн мыкты жолун сунуштай алган айрым адамдар же топтор болот.

**БИЗ ӨЗ САЛЫМЫБЫЗДЫ КОШОБУЗ!**

Клуб киргизген ар кандай демилге же идея демилгечинин ар кандай түрдөгү жеке салымын билдирет. Аял-эркек дебестен, Клубдун бардык катышуучулары өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө, Клубдун иш-чараларына жигердүү катышууга макул болушат.

**БИЗ УБАКЫТТЫ БААЛАЙБЫЗ же “ИШ МААЛЫНДА ОКУТУУ” (Doing by Leaning)!**

Иш маалында окутуу окутуунун усулдарынын жыйындысы дегенди билдирет, мында катышуучулар алган базалык билимдерге жана жеке тажрыйбаларга таянуу менен тапшырманы аткаруу же кайсы бир маселени чечүү процессинде түз билим алышат. Иш-аракеттерди аткаргандан кийин аларды баамдап чыгып (рефлексия), кабыл алынган бардык чечимдерди талдап, эмнени мындан да жакшы жасаса болоорун, эмнеси жакшы болуп калганын талкуулашат.

**БИЗ ӨНҮГҮП, ӨЗГӨРҮП ТУРАБЫЗ!**

Клуб – “жандуу” мейкиндик, ал катышуучулардын каалоолорунун жана керектөөлөрүнүн таасири астында өзгөрүлүп, тенденцияларга, окуяларга, кубулуштарга ийкемдүү түрдө, ошол замат жооп кайтаруу менен, тышкы чөйрөнүн өзгөрүшүнө тыкыр көз салып турат. Клубдун ар кандай планы жана иш-чарасы көз ирмемге жана аудиторияга ылайыктуу түрдө өзгөрүшү мүмкүн. Клуб стандарттуу эмес, жаңы, инновациялык ой жүгүртүүлөргө ачык, ошол эле маалда жогоруда сөз болгон принциптер да эске алынууга тийиш.

**“ЗЫЯН КЕЛТИРБЕ” ПРИНЦИБИ!**

Клубдун бир дагы иш-чарасы кандайдыр бир топко же адамга билип же билбей зыян келтирүү максатын көздөбөйт. Клубдун бардык катышуучулары бири-биринин кызыкчылыктарын эске алууга, теңчилик, сабырдуулук, өз ара урматтоо, адам укуктарын жана эркиндиктерин таануу принциптерин колдоого милдеттенишет.



**Биз МЫНА УШУНДАЙДЫ каалайбыз!**




**Биз МЫНДАЙДЫ КААЛАБАЙБЫЗ!**

**БИЗ ҮЙРӨНҮП, АНЫ КОЛДОНУП, БАШКАЛАР МЕНЕН БӨЛҮШӨБҮЗ!**

Клуб катышуучулар алган билимдерин жана көндүмдөрүн иш жүзүндө колдоно алуусуна, аудиториянын реалдуу иш-аракеттерине ыкчам киргизүүгө, ошондой эле катышуучулар алган билимдерин жана көндүмдөрүн кесиптештери, өнөктөштөрү, достору, туугандары, кошуналары, үй-бүлө мүчөлөрү менен бөлүшүүгө багытталган! Ошондуктан, клубдун ишине кошулуу менен, катышуучулар бардык жеткиликтүү маалымат каналдарын, анын ичинде социалдык тармактарды колдонуп, алган маалыматтарын, көндүмдөрүн жана билимин мүмкүн болушунча кеңири бөлүшүүгө милдеттенишет.Клуб “Муниципалитет” журналын жана Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыкты тажрыйбалар порталын (www.myktyaimak.gov.kg) кошо алганда, БАЖБАнын жана өнөктөштөрдүн байланыш каналдарын жана аянтчаларын жигердүү түрдө пайдаланып келет.

## Клубдун уникалдуу өзгөчөлүгү




## Клубдун мүчөлүгү

Клуб ачык, формалдуу эмес аянтча экендигине таянып, Клубга мүчөлүк ыктыярдуу жана ачык болуп саналат. Клубдун максаттуу тобуна кирген аялдар Клубдун иш-чараларына эркин катыша алышат, ошондой эле Клубдан каалаган убакта чыга алышат. Депутаттык ишмердүүлүктө жетиштүү потенциалы жана тажрыйбасы бар Клубдун мүчөлөрү же Клубда болуу мезгилинде өз потенциалын жетиштүү түрдө жогорулаткандар башка мүчөлөр менен насаатчы катары билимин жана ийгиликтүү тажрыйбасын бөлүшө алышат.

## Клубдун иштөө формалары

Клубдун иши онлайн жана офлайн форматта, иш-чаралардын ар кандай формаларын колдонуу менен уюштурулган. Төмөндө клубдун мүчөлөрүнүн муктаждыгына жараша толукталып, түрүн өзгөртүп турган иш-чаралардын мезгилдүүлүгү жана болжолдуу тизмеси берилди.

- Офлайн иш-чаралар – жылына 1-3 жолу
- Онлайн иш-чаралар – айына 1-4 жолу
- Өнөктөштүктү жана коалицияларды куруу, практикалык тапшырмаларды аткаруу боюнча практикалык иш-чаралар – дайыма, офлайн жана онлайн окутуу иш-чараларынын ортосунда.

### Практикалык семинар

Окутуунун жүрүшүндө практикалык тапшырмаларды аткаруу үчүн 60 пайыздан кем эмес убакыт каралган, бул тапшырмаларды катышуучулардын реалдуу ишинде жана жашоосунда колдонуу үчүн “камылга” болот. Иш жүзүндө мындай болот: бардык окутуу иш-чаралары алган билимдерин кийинкиге калтырбастан колдонуу дегенди билдирет, ар бир жолугушуудан кийин Клубдун катышуучулары жолугушуунун темасын же

маселесин өнүктүрүүдө "практикалык тапшырмаларды" алып турушат. "Практикалык тапшырмаларды" аткаруунун жүрүшүндө катышуучулар өз ара горизонталдуу тармакты курушат. Катышуучулар үйрөнүшү керек болгон нерселерди жасай турган жагдайга туш болгондо, алар үчүн бул нерселерди эстеп калуу оңой болот. "Иш маалында окутуу" процессин Клубдун насаатчысы же сырттан тартылган тажрыйбалуу тренер жүргүзөт, алар катышуучуларды жигердүү өз алдынча иштөөгө үндөп турушат.

### Чай суйлөшуу

Клубдун катышуучулары үчүн актуалдуу маселелер боюнча онлайн форматындагы сааттык консультациялар/талкуулар. Сааттык консультациялардын форматы ошол убакыттын ичинде ачыла турган темаларды талкуулоо дегенди билдирет же чоң тема бөлүктөргө/этаптарга бөлүнүшү мүмкүн. Бул аптасына 1 жолу, ошол күнү жана ошол саатта өткөрүлүүчү мезгилдүү иш-чаралар. Сааттык консультацияларды өткөрүү күнүн жана убактысын телеграмм-топто добуш берүү жолу менен Клубдун катышуучулары аныкташат. Консультациялардын темалары муктаждыктарды баштапкы баалоонун негизинде аныкталат, кошумча, Клубдун насаатчысы квартал сайын катышуучулардан сунуштарды чогултуп турат. Консультациялар үчүн темалардын тизмеси макулдашылгандан кийин, БАЖБА тиешелүү экспертти/адисти чакырат. Клубдун насаатчысы катышуучуларга консультациянын темасы боюнча актуалдуу суроолорду алдын-ала сурайт жана эксперт алдын-ала чогултулган суроолорго жооп берүүдөн баштайт, андан кийин консультация учурунда онлайн келип түшкөн суроолорго жооп берет. Онлайн консультацияларды өткөрүү үчүн ZOOM – онлайн конференция платформасы же Инстаграмда жана Youtube каналында түз эфирлер колдонулат.

### Атаандаштык ыкмасы

Бардык окутуу иш-чараларына атаандаштык элементтери киргизилет. Мисалы, тажрыйба алмашуу иш-чараларына, анын ичинде практикалык тапшырмаларды аткаруу боюнча иш-чараларга мыкты, көбүрөөк жаккан (алгылыктуу, колдонууга боло турган) тажрыйбаны тандоо боюнча добуш берүү киргизилет. Катышуучулар добуш берүү жолу менен БАЖБА тарабынан сыйлана турган жеңүүчүнү (же бир нечесин) тандашат. Байгелер сөзсүз түрдө материалдык мүнөзгө ээ болбошу мүмкүн, балким, бул атайын белгилер, мисалы, "жылдызчалар" болушу ыктымал. Жылдын жыйынтыгы боюнча баарынан көп "жылдызчаларды" алган Клубдун катышуучусу байгеге ээ болот (бул окутуу курсу, иш жолу жаккан ЖК депутаты менен жолугушуу, тажрыйба алмашуу боюнча сапар ж.б. болушу мүмкүн).

### #ЧоңОй[7]

Бул (офлайн жана онлайн) конференциялар, анын аянтчасында Клубдун катышуучулары өз тажрыйбалары менен бөлүшүүгө, баарлашууга түрткү берүүгө жана өз идеяларын башка жамааттарга жайылтууга мүмкүнчүлүк алышат. Бул конференциялар жыл сайын болжол менен жылдын аягында 80-100 катышуучу менен уюштурулат. Баяндамачылардын тизмеси бир жылдын ичинде баарынан көп "жылдызчаларды" топтогон Клубдун катышуучуларынын ичинен түзүлөт.

### Шерине (бал/кече/кечки тамак)


Аял катышуучулар таанылууга жана өзүнө болгон ишенимди жогорулатууга муктаж болгондуктан, офлайн иш-чаралардын алкагында кечинде бейформал "отуруштарды" өткөрүү пайдалуу болот, бул отуруштар чыгармачылык конкурстар менен (мисалы, ырлар) өтө алат, ошондой эле кечки тамактын алкагында командалар менен өткөрүлүшү ыктымал. Бул масштабы кенен жана "баары жакшы кийимин кийип келген" иш-чаралар

---

[7] Чоң ой деген мааниде чечмеленет (өскүн, өнүккүн).

болушу мүмкүн, ошондой эле “депутаттык кечки шерине” болушу ыктымал. Мындай иш-чараларга жеке өнүгүү темаларындагы практикалык жана кызыктуу оюндар/көнүгүүлөр киргизилиши мүмкүн.

## Клубдун катышуучулары менен коммуникациялар




Клубдун ишмердүүлүгү ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталы жана “Муниципалитет” журналы менен байланышта болот – Клубдун катышуучуларынын потенциалын жогорулатуу максатында иштелип чыккан бардык окутуу программалары жана материалдары Порталда жайгаштырылат. “Иш маалында окутуу” принцибин практикада ишке ашыруунун натыйжасында Клубдун катышуучулары алган ийгиликтүү тажрыйба Порталда жана “Муниципалитет” журналында жарыяланат. Клубдун катышуучулары ошондой эле БАЖБАнын башка иш-чараларына да катыша алышат.

# Тиркемелер.

## Клубдун документтерин жана иш-чаралардын программаларын түзүү

Бардык документтер: жоболор, план, программалар жана күн тартиби, ошондой эле тапшырмалар/иш боюнча сунушталган идеялар Клубдун катышуучулары жана өнөктөштөрү менен алдын ала макулдашылат. Документтердин/тексттердин долбоорлорун (баштапкы варианттарын) Клубдун насаатчысы/тренери/комитети түзүп, кайтарым байланышты алуу үчүн клубдун мүчөлөрүнө жана өнөктөштөрүнө жөнөтүлөт.

Иш-чаранын программасы түзүлөт (ким жооптуу экендигине жараша):

- насаатчы
- тренер
- окутуучу тарабынан

Клубдун жылдык планынын негизинде белгиленген баштапкы күнгө кеминде 1 ай калганда түзүлөт. Программанын долбоору катышуучуларга телеграм-топ же Гугл-таратма аркылуу жөнөтүлөт. Программаны талкуулоого 2 жума мөөнөт белгиленет. Программанын автору катышуучулардын пикирлерин чогултуп, түзөтүүлөрдү киргизет жана зарыл болгон материалдарды даярдайт. Программанын акыркы версиясы катышуучуларга иш-чарага бери дегенде 1 апта калганда жөнөтүлөт.

Окутуунун конкреттүү иш-чараларынын темалары жана форматы керектөөлөрдү баалоонун жыйынтыктары боюнча иштелип чыгат, баалоо жылдык негизде өткөрүлөт жана Клубдун Иш планына кирет. Клубдун Иш планы бир жылдык мөөнөткө иштелип чыкса да, ал бекитилгенден кийин дагы, окуу темаларына жана форматтарына өзгөртүүлөр менен толуктоолорду киргизүүгө мүмкүнчүлүк болот. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн тренингден кийин толтурулган тесттердин, баалоо анкеталарынын, ошондой эле Клубдун катышуучуларынын кварталдык жолугушууларынын жыйынтыгы негиз болуп берет. Алардын жыйынтыгы боюнча күтүлүп жаткан негизги жыйынтыктар жана окутуу продуктулары түзүлөт/кайра каралып чыгат.

## Онлайн иш-чаранын болжолдуу сценарийи

Негизинен, кесиптик да, жеке чөйрөлөрдө аял депутаттардын даражасын жогорулатуу боюнча онлайн иш-чаралар воркшоп (workshop) форматында өткөрүлөт. ***Воркшоп*** – “иш маалында окутуу” принциби боюнча окутуунун ыңгайлуу онлайн форматтарынын бири, мында онлайн режиминде колдонуу үчүн жеткиликтүү болгон окутуунун интерактивдүү формалары пайдаланылат. Онлайн иш-чараларды өткөрүү үчүн Zoom видео конференция тейлемеси колдонулат. Зарыл болсо, онлайн семинарларды өткөрүүгө бир нече күн калганда катышуучулар Zoom платформасын колдонууга үйрөтүлөт. Ошондой эле онлайн иш-чарага кантип катышуу керектиги боюнча кеңири көрсөтмөлөрдү алышат: кайда кириш керек, эмнени басыш керек, эч нерсе иштебей калса, кайда чалуу керек – ушулардын баарын үйрөнүшөт. Катышуучуларга онлайн воркшопко эмнелерди даярдашы керектиги жөнүндө алдын-ала (кеминде 2 күн мурун) маалымат берилет (мисалы: флипчарттар, маркерлер, калемдер, дептерлер, түстүү карандаштар ж.б.). Бардык окуу материалдары катышуучуларга телеграм-топ же гугл-таратма аркылуу жөнөтүлөт.

Ар бир офлайн иш-чарада бир нече мазмундуу элементтер камтылууга тийиш:

- жеке өнүгүү үчүн көнүгүү;
- кесипке тиешелүү маселе боюнча практикалык консультация;
- катышуучулардын ортосунда окуялар, жетишкендиктер жана көйгөйлөр жөнүндө маалымат алмашуу.

Воркшопторду тренерлер жана насаатчылар уюштуруп, өткөрүшөт, катышуучулардын оптималдуу саны – 16-20 адам. Болжолдуу түрдө, воркшоптун программасы 1,5-2 саатка созулган сессиялардан турат. Ар бир сессия аяктагандан кийин 15 мүнөт тыныгуу (кофе брейктер) жана түштөнүп алууга бир саат убакыт берилет[8].

Онлайн воркшоптордун ыкмалары:

- Жалпы талкуу
- Чакан топтордо практикалык иш
- Жеке практикалык иш
- Билдирүүлөр
- Презентациялар
- Үй тапшырмалары

Практикалык иш өзүнчө же чакан топтордо Zoom сессия залдары аркылуу аткарылат. Мүмкүн болсо, жеке иштин же топтордо иштөөнүн презентациясын чогултуу үчүн Jamboard интерактивдүү тактасы колдонулат. Аткарылган тапшырма менен тааныштыруу үчүн телеграм-топту да колдонсо болот.

Воркшоптун аягында катышуучуларга үй тапшырмалары берилип, анда тапшырманы аткаруу үчүн бардык нускамалар жана мөөнөттөр менен алышат. Үй тапшырмасынын аткарылышы боюнча отчеттор (анын ичинде сүрөт жана видео материалдар) телеграм-тобуна жөнөтүлөт.

Клубдун окутуучулары презентацияларды, видеороликтерди көрсөткөн, 3-D көргөзмөсүн жана башкаларды камтыган ***лекциялардын форматын*** колдонушу мүмкүн. Бул форматтын артыкчылыгы – катышуучулардын саны чексиз болот жана убактысы көпкө созулбайт. Лекциялардын оптималдуу убактысы – 1,5-2 саат, бир же эки чакан тыныгуу берилет (10-15 мүнөт). Бул форматтын кемчилиги – суроолор жана жооптор, жалпы талкуу үчүн мүмкүнчүлүктөр өтө аз. Лекциялардын жазуусу телеграм-топко жүктөлүп, аларды сактап, кайра көрүп (угуп) чыгуу мүмкүнчүлүгү болот.

***Тажрыйба алмашуу боюнча мастер-класстар*** – потенциалды жогорулатуунун кызыктуу форматтарынын бири, алардын уюштуруучулары жана тренерлери/баяндамачылары Клубдун катышуучулары же өнөктөштөрү болушат. Мастер-класстардын алкагында демилгечилердин катышуучулары үй тапшырмасын аткаруунун алкагында алган ийгиликтүү тажрыйбаларын чагылдыруу боюнча презентация даярдашат ("иш маалында окутуу" принциби боюнча). Мастер-класстардын узактыгы 2-2,5 саатка созулат (бир же эки кыска тыныгуу менен), катышуучулардын саны берилген тапшырмаларга жараша ар кандай болушу мүмкүн. Бул форматтын артыкчылыктары – Клубдун катышуучуларынын жана өнөктөштөрүнүн демилгеси боюнча иш-чараларды уюштуруу жана катышуучулардын саны чексиз болбогону.

Өнөктөштүктү жана коалицияларды куруу – кесиптик жана жеке чөйрөлөрдө Клубдун катышуучуларынын потенциалын жогорулатуу боюнча Клубдун алгачкы эки багытынын жыйынтыгы. Өнөктөштүктү жана коалицияларды куруу процесси практикалык тапшырмаларды аткаруунун жүрүшүндө ("иш маалында окутуу" принциби боюнча), ошондой эле онлайн ***конференцияларды*** уюштуруу процессинде ишке ашырылат, алардын форматы баяндамачылардын чыгып сүйлөөсүн, потенциалдуу өнөктөштөр менен жолугушууларды, ошондой эле насаатчылар менен жолугушууларды билдирет. Онлайн конференциялардын оптималдуу узактыгы – 2,5-3 саат, чай тыным берилет,

[8] Онлайн иш-чараларды өткөргөндө катышуучулар чай/кофе ичип, тамактанып же жөн гана эс алышы үчүн программага техникалык тыныгуулар да кошулат. Түшкү тамактанууну жана чай тынымдарды катышуучулар өз алдынча уюштурат.

катышуучулардын саны 50дөн 100гө чейин жетет. ***Тегерек стол*** – бул өнөктөштөрдү чогултуп, конкреттүү идеяларды, биргелешкен тапшырмаларды жана пландарды талкуулоого мүмкүнчүлүк берген формат. Тыныгууларды кошкондо, узактыгы 2,5-3 саат, катышуучулардын оптималдуу саны – 20 адам.

### Офлайн иш-чаралардын болжолдуу сценарийи

Онлайн форматта бардык окутуу иш-чаралары ***чакан мектеп*** форматында өткөрүлөт, аларга окутуунун интерактивдүү усулдарын колдонгон жана “иш маалында окутуу” принцибине негизделген окууну уюштурган тренерлер тартылат. Чакан мектептерди Клубдун насаатчысы же БАЖБАнын кызматкери уюштурушу мүмкүн. Тренингдин оптималдуу узактыгы: 2 күндөн көп эмес, саат 9.00дөн 17.00гө чейин, катышуучулардын саны – 40тан ашпайт.

Ар бир офлайн иш-чарада бир нече мазмундуу элементтер камтылууга тийиш:

- жеке өнүгүү үчүн ивент;
- кесипке байланышкан маселе боюнча лекция;
- кесипке байланышкан маселе боюнча практикалык сабак;
- коалиция куруу үчүн көнүгүү же тапшырма.

Чакан мектептин программасы 1,5 саатка созулган сессиялардан турат. Ар бир сессия аяктагандан кийин 20-30 мүнөт тыныгуу (кофе брейк) жана түштөнүүгө бир саат убакыт берилет.

Ар бир чакан мектепти аяктагандан кийин катышуучулар аткаруу үчүн мөөнөттөрү белгиленген практикалык тапшырманы алышат. Тапшырманы аткаруу үчүн оптималдуу убакыт – 3-6 ай (кийинки офлайн тренингге чейин). Үй тапшырмасын аткаруу процессин Клубдун насаатчысы же тренер көзөмөлдөйт.

Онлайн жана офлайн иш-чаралар боюнча кайтарым байланышты чогултуп, ошондой эле орто мөөнөттөгү керектөөлөрдү баалоо үчүн *Google Forms* колдонулат, анын жардамы менен жооптордун бир нече варианты бар суроолорду берүүгө, бир катар суроолорду тизмектөөгө, суроолорду масштабдоого жана башка иштерди жасоого болот. Бул форманы биргелешип түзсө болот, сурамжылоого сүрөттөрдү кошуу мүмкүнчүлүгү бар. Google Forms’ту түзүү жана толтуруу жеңил, аны башкалар менен оңой эле бөлүшсө болот, компьютерлерден да, смартфондордон да тез толтурулат, ошондой эле катышуучулардын бардык маалыматтары жана алардын жооптору бар таблицаны байлап коюп, жоопторду автоматтык түрдө чогултуу жана талдоо, аларды диаграммаларга которуу – ушул тиркеменин артыкчылыктары.

## Клубдун 2022-жылга Иш-чаралар планы

### *1-багыт. Бюджет жана инклюзивдүү пландаштыруу жана башкаруу боюнча билимди кошо алганда, депутаттардын (эркектер менен аялдардын) кесиптик билиминин деңгээлин жогорулатуу.*

Окутуу иш-чараларынын бардык темалары муктаждыктарды баалоонун жыйынтыктарына негизделет. Сурамжылоого катышкан аял депутаттардын көпчүлүгү жергиликтүү кеңештин депутаттарына керектүү билимди алууну күтүшөт, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча негизги мыйзамдар, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын пландаштыруу, инвестицияларды тартуу ж.б. темалар бар.

Бардык окутуучу материалдарды БАЖБАнын квалификациялуу тренерлери даярдашат, бул адистер конкурстун негизинде ишке тартылат, же БАЖБАнын консультациялык кызматтарды көрсөтүүчү консультанттардын/жабдуучулардын реестринен/тармагынан тандалып алынат.
Тренерлерге жана консультанттарга коюлган милдеттүү талаптар:

1. ЖӨБ органдары менен практикалык иш тажрыйбасы;
2. кошумча маалымат булактарына ээ болуу;
3. талкууланып жаткан көйгөйлөрдү чечүү мисалдарына ээ болуу;
4. аудиториянын көңүлүн “кармай алуу” жөндөмү, оратордук жана презентация жасоо көндүмдөрү.

### *2-багыт. Окутуунун инновациялык ыкмаларын кошо алганда, аял депутаттардын жеке көндүмдөрүн (soft skills) өнүктүрүү*

Бул тапшырма бир катар көндүмдөрдү жакшыртуу зарылчылыгынан улам келип чыккан, алардын арасында баарлашуу жана чыр-чатактарды башкаруу көндүмдөрү алдыда турат. Аял депутаттардын баарлашуу жана ынандыруу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү депутаттык чөйрөдө ийгиликке жетүү үчүн аныктоочу фактор деп эсептешет. Дал ушул баарлашуу көндүмү аял саясатчылардын 40% негизги көйгөй деп эсептеген, чөйрөнүн каршылыгын жеңүүгө жардам берет. Ички факторлор да аял депутаттын ийгиликке жетүү жолун аныктайт. Ошентип, аялдардын 36% ички коркуу сезими жана өзүнө ишенбестик жаңы жана масштабдуу иштерди баштоого тоскоол болуп жатат деп даттанышат, кас мамилеге, акыйкатсыздыкка күбө болсо аялдардын 34% үчүн өз эмоцияларын башкаруу кыйын болот, ал эми аялдардын 25% активдүүлүгүн көрсөтүүдө адамдардын күтүлбөгөн жана жагымсыз реакцияларына туш болушат. Ар бир бешинчи аял депутат чыр-чатактуу кырдаалды түшүнүү кыйын экендигин, адамдар анын абалын жана убактысын кыянаттык менен колдонуп жаткандыгын мойнуна алат, бирок алар кырдаалга таасир эте алышпайт. Эң негизгиси, жеке көндүмдөрдү өнүктүрүү Клубдун катышуучуларына үй-бүлөсүндө милдеттерди тең бөлүштүрө баштоого, күйөөсүнөн жана башка жакындарынан колдоо алууга жардам берет.

### *3-багыт. Натыйжалуу өнөктөштүктү жана коалицияларды куруу көндүмдөрүн өнүктүрүү*

Аял депутаттар үчүн өздөрүнүн идеяларын жана саясий демилгелерин ишке ашыруу максатында өнөктөштүктү жана коалицияларды түзүү көндүмдөрү зарыл, бул анын ичинде экономикалык маселелерди саясий талдоонун элементтери менен топтук кызыкчылыктарды так аныктоо аркылуу жасалат. Аял депутаттардын дээрлик үчтөн бири өз командасынын мүчөлөрүнүн же кол алдындагылардын натыйжасыздыгына, жаштар менен пикир табыша албаганына даттанышат. Аял депутаттардын жарымынан көбү Клубга катышуу менен биргелешкен долбоорлорду жана демилгелерди аткара турган санаалаштарды тапкысы келет.
Окутуу жүргүзүлө турган конкреттүү маселелер Клубдун планын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн жүрүшүндө аныкталып, иш-чараларга даярдануу процессинде такталат/толукталат.